№8. 26-декабрь, 2024-жыл

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ

*Тил – мамлекеттүүлүктүн жана элдин түбөлүктүүлүгүн камсыздайт!*

# ТИЛ TIMES

Маалымат баракчасы




## И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети “Даңк” ордени менен сыйланды

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Жарлыкка кол койду, ага ылайык Кыргыз Республикасында техникалык билим берүүнү жана илимди өнүктүрүүгө, квалификациялуу адистерди даярдоого кошкон зор салымы үчүн И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети “Даңк” ордени менен сыйланды.

---

## Кыргызский государственный технический университет имени И. Раззакова награжден орденом «Данк»

Президент Кыргызской Республики Садыр Жапаров подписал Указ, согласно которому Кыргызский государственный технический университет имени И. Раззакова за большой вклад в развитие технического образования и науки Кыргызской Республики, подготовку квалифицированных специалистов награжден орденом «Данк».



# 70 жыл – УНИВЕРСИТЕТТЕГИ МААРАКЕЛИК ИШ-ЧАРАЛАР

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ 70 ЖЫЛДЫГЫН БЕЛГИЛЕДИ



18-сентябрда КР Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетов, Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары Эдиль Байсалов, билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаева, Россия Федерациясынын элчиси Сергей Вакунов, Кытай Эл Республикасынын элчиси Ду Дэвэнь И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин 70 жылдыгына арналган



салтанатка катышты.



Салтанатта КР Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетов республикага гана



эмес, коңшу өлкөлөргө да ар тармактуу, жогорку деңгээлдеги адистерди даярдаган окуу жайдын басып өткөн тарыхына токтолуп, алгачкы



кыргыздын инженерлерин, механиктерин, архитекторлорун даярдаган университет бүгүнку күндө жемиштүү иштеп жатканын



баса белгиледи. Ал университеттин жамаатын майрамы менен куттуктап, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын негизинде Кыргызстанда техникалык билим берүүнү жана илимди өнүктүрүүгө, квалификациялуу адистерди даярдоого кошкон зор салымы үчүн Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетин “Даңк” ордени менен сыйлады. Сыйлыкты аталган жогорку окуу жайдын ректору Чыныбаев Мирлан Койчубековичке тапшырды.

Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов өз куттуктоо сөзүндө биринен бири өткөн мыкты инсандарды окуткан университеттин жамаатына ийгилик каалап, анын өнүгүүсүндө ар бир ректордун салымы чоң, өзгөчө статус берген университеттен көптү күтөбүз деди.



Иш-чарада Жогорку Кеңештин депутаттары Кундузбек Сулайманов, Марлен Маматалиев жана Сеидбек Атамбаев КМТУнун бүтүрүүчүлөрү катары куттуктоо сөздөрүн айтып, бир нече мугалимдерди Жогорку Кеңештин Ардак грамотасы менен сыйлады.



# И. Раззаков атн. Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин ректору Чыныбаев Мирлан Койчубековичтин куттуктоосу

## И.Раззаков атындагы КМТУга 70 жыл

Кымбаттуу достор, урматтуу кесиптештер жана студенттер! Сиздерди И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин 70 жылдык маарекеси менен чын жүрөктөн куттуктайм! Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун 18.07.2022-ж., УП №243 "Кыргыз Республикасынын Президентинин билим берүү уюмдарынын потенциалы жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жөнүндө" Жарлыгы менен жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 29.07.2022-ж. №414 «Кыргыз Республикасынын Жогорку окуу жайларын кайра уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө» токтому менен И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетин кайра уюштуруп-түзүү максатында анын курамына Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетин жана академик У.Асаналиев атындагы Кыргыз Мамлекеттик геология, тоо-кен иштери жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университетин бириктирүү жолу менен инженердик-техникалык билим берүүнүн флагманы болгон жана алдыңкы беш жогорку окуу жайдын катарына кирген биздин окуу жайыбызга өзгөчө макам ыйгарылган. Биздин университет олуттуу курамдык өзгөрүүлөрдүн этабынан өтүп жатат. Биз чоң өзгөрүүлөрдүн алдында турабыз деп айта алабыз. Университетти модернизациялоо республикабыздын өнөр-жайынын ар түрдүү тармактары, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр үчүн энергетика, тамак-аш жана жеңил өнөр-жайы, транспорт, машина куруу, архитектура, тоо-кен иштери жана тоо-кен технологиялары, телекоммуникация жана маалымат технологиялары боюнча эл аралык стандарттарга ылайык жогорку квалификациялуу инженерлерди, адистерди даярдаган жана дүйнөлүк илимий-билим берүү мейкиндигине интеграциялаган жаңы ири илимий-изилдөөчү инновациялык жогорку окуу жайын түзүү жолунда жүрүшү керек. Азыркы учурда университет жигердүү дүйнөлүк QS университеттердин рейтингине кирүү үчүн өз аракеттерин баштады. И.Раззаков атындагы КМТУ 2024-жылдагы маарекелик жылынын алдында жогорку окуу жайлардын арасында өзгөчө макамга ээ биринчи жолу дүйнөлүк QS World University Rankings/2025 рейтингине кирди. КМТУнун бул тизмеге кириши ЖОЖдун билим берүү стандарттарынын жогорку деңгээлин тастыктоо менен олуттуу жетишкендик болуп саналат. QS World University Rankings биздин университетти бир нече негизги критерийлер боюнча, анын ичинде окутуунун сапаты, илимий-изилдөө ишмердүүлүгү, жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жана жумуш берүүчүлөрдүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө пикири боюнча баа берди. Бул рейтингде университеттердин академиялык чөйрөдөгү кадыр-баркына, илимий ачылыштарды цитаталоонун жыштыгы жана окутуунун сапаты менен аныкталган дүйнөлүк илимге кошкон салымына өзгөчө көңүл бурулат. Ошондой эле 2024-жылы университет жогорку окуу жайларынын QS Asia University Rankings/2024 рейтингине кирди жана Азиядагы мыкты ТОП – 351-400 жогорку окуу жайларына кирип, Борбордук Азиядагы жогорку окуу жайларынын арасында 19-орун ээледи. Кыргыз Республикасынын Жогорку окуу жайларынын улуттук рейтингине ылайык, жакында биздин университет өлкөнүн алдыңкы топ-3 жогорку окуу жайларынын катарына кирүү менен алгылыктуу ийгиликтерге жетишти. Биз жетишкендиктерибиз менен сыймыктанабыз жана университетибиз тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү, изилдөө жана социалдык кызматтар сапатын жакшыртуу боюнча ишибизди



улантабыз. Мындай иш Батыш Европанын, Россиянын, Кытайдын, Түркиянын жана Кореянын алдыңкы чет өлкөлүк университеттери менен кызматташуу программаларынын, ошондой эле эл аралык билим берүү программаларынын жана долбоорлорунун, биргелешкен илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнүн, академиялык жигердүүлүктү активдештирүүнүн алкагында уюштурулган. КМТУнун QS World University Rankings/2025, QS Asia University Rankings/2024 жана Кыргыз Республикасынын Улуттук рейтингине кирүүсү – анын дүйнөлүк академиялык аренадагы позициясын бекемдеп, студенттер жана окутуучулар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Биздин университет өзүнө жүктөлгөн тапшырманы толук көлөмдө жана жакынкы 5 жылдын ичинде аткара алат деп толук кандуу айта алам, биз QS дүйнөлүк рейтингинде мындан ары позициябызды жакшыртуу үчүн чечкиндүү кадамдарды жасайбыз. Ошону менен бирге биз республиканын өнөр-жай ишканалары үчүн жогорку квалификациядагы жаш адистерди даярдоо боюнча жемиштүү иштерди ийгиликтүү улантып, ата мекендик экономиканы мындан ары өнүктүрүүгө татыктуу салым кошобуз деп ишенем. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, профессордук-окутуучулук түзүмгө жана университеттин жалпы жамаатына активдүү турмуштук позициясы, кең-пейил ишке болгон чыгармачыл мамилеси үчүн өзгөчө ыраазычылык билдиргим келет. Биздин улуу муундарыбыз түптөгөн даңазалуу "Политехтин" салтын узак жылдар бою сактап калууңуздарга тилектешмин! Ал эми студенттерге мыкты билим жана келечекке карай ишенимдүү кадамдарды каалайм!

# «ЖОЖдордогу мамлекеттик тил маселелери» форуму

24-октябрда И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде «Жогорку окуу жайларда мамлекеттик тилдин абалы жана аны окутуу маселелери» талкууланды.



Форумга Билим берүү жана илим министри, Улуттук комиссиянын төрагасы, ЖОЖдордун ректорлору жана мамлекеттик тил боюнча эксперттер катышты.

Форумдун негизги талкуулары — ЖОЖдордо мамлекеттик тилди бекемдөө үчүн окутуу тилдерин жакшыртуу, бүтүрүүчүлөргө кесипке багытталган иш кагаздарын окутуу курстарын киргизүү, кыргыз филологиясы программаларын жаңылоо жана толуктоо, ошондой эле окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу маселелери болду. Окуу куралдарын чыгаруу жана которуу иштерине өзгөчө көңүл бурулду.

Иш-чара мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана билим берүүдө анын ролун жогорулатууга багытталган маанилүү кадам болду. Ар бир ЖОЖдо мамлекеттик тилдин ордун бекемдөө аркылуу улуттук баалуулуктарды сактоо жана келечек муун үчүн бекем билим базасын түзүү максаты коюлду.

Форумда каралып жаткан маселелер:

- ЖОЖдордогу окутуу тилдери боюнча көйгөйлөр;
- Бүтүрүүчү курстар үчүн кесипке багытталган иш кагаздарын окутуу курсун киргизүү;
- Окуу куралдарын чыгаруу жана башка тилдерден которуу;
- Кыргыз филологиясы факультеттеринин



программасына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү (котормо, терминология сабактарын)

Тажрыйбалуу окутуучулардын автордук усулдарын ЖОЖдор арасында жайылтуу;

- Окутуучуларды жана мугалимдерди квалификациясын жогорулатуу;



- Кыргыз тилин эне тил, экинчи тил жана чет тили катары окутуу маселелери.

Бул иш-чара мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн маанилүү кадамдарынын бири болуп саналат. Ар бир жогорку окуу жайда кыргыз тилинин ордун бекемдөө жана аны билим берүүдө негизги тил катары жайылтуу боюнча иштер жүрүп жатат.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү — мекенди сүйүүнүн белгиси!

## КМТУнун "КЫРГЫЗТЕСТ"менен кызматташуусу



И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин алдындагы С.Жусуев атындагы Мамлекеттик тил борборунда «КыргызТЕСТ – тест тапшыруунун эрежелери жана талаптары» деген аталышта семинар болуп өттү. Аталган семинарда "КЫРГЫЗТЕСТ" мамлекеттик мекемесинин директоруТопоева-Ставинская Батма Болоталиевна катышуучуларга толук маалымат (презентация) берип, суроо-жооп форматында кеңири баарлашуу болду.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары




мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасына ылайык И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин алдындагы С.Жусуев атындагы Мамлекеттик тил борборунун 2024-2025-окуу жылында мамлекеттик тилде окутуу, аны ишмердүүлүктүн бардык багыттарында кеңири колдонууну жогорулатуу жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу мерчемделген. Анын ичинде профессордук-окутуучулар түзүмүнө, кызматкерлерге "КЫРГЫЗТЕСТ" мамлекеттик мекемесинин алдында өткөрүлүүчү тесттик система жана ага карата коюлуучу талаптар, эрежелер тууралуу маалымат алуу жүзөгө ашырылды десек жаңылышпайбыз.

Семинардын соңунда катышуучулар Батма Болоталиевна терең ыраазычылык билдиришти. Азыркы заманда тил –



коммуникациянын гана эмес, дүйнө таанымдын башкы куралына айланды. Андыктан, келгиле мекендештер, мамлекеттик тилибизди таза, адабий ченемди колдонуп, Чыңгыз Айтматовдун: «Тил - адам ааламынын алака мейкиндигин кеңейткен касиеттүү күч.

Кыргыз тили мен үчүн Мекен, эне, киндик кан тамган жер сыяктуу эле ыйыктын ыйыгы. Мен бу турмушта кайсы бир бийиктикке чыга алдым десем, аны эне тилимдин улуу духунан көрөм...» деген даанышман оюн ыйык тутуп, мамлекеттик тилибизди өркүндөтөлү!

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДЕГИ МЫКТЫ ОКУУ-ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕР-2024

КР БбжИМ 10.09.2024-ж., №1140/1буйругун жүзөгө ашыруунун максатында И.Раззаков атындагы КМТУда 2024-2025-окуу жылында мамлекеттик тилде окутуу, аны ишмердүүлүктүн бардык багыттарында кеңири колдонууну жогорулатуу жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча иш-чараларды аткаруу жана КМТУда 2023-2024-окуу жылында «Мамлекеттик тилде даярдалган окуу-илимий эмгектер» сынагынын жыйынтыгы боюнча «МЫКТЫ ОКУУ КУРАЛЫ» номинациясы боюнча I даражадагы диплом жана 5000 сом – Долбоорду башкаруу. Жогорку окуу жайларынын менендӂмент жана экономика адистиктеринин студенттеринин жана магистранттарынын окуу куралы. Автору:Экономика жана бизнестин жогорку мектебинин менеджмент кафедрасынын профессору, э.и.д., Атантаев Истанбек Акматович;

II даражадагы диплом жана 3000 сом - И.Раззаков атн. КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, кызмат орундарынын, багыттар боюнча адистиктеринин,



дисциплиналарынын кыргыз-орусча аталыштары, туура жазылышы жана иш кагаздарынын үлгүлөрү. Түзүүчүлөр:Эл аралык жогорку логистика мектебинин кыргыз тили кафедрасынын эмгек жамааты; «МЫКТЫ ОКУУ КИТЕБИ» номинациясы боюнча: I даражадагы диплом жана 5000 сом – Евразиялык экономикалык биримдигинин шартында бажы жол-жоболорун колдонуу. Автору: Транспорт жана робототехника институтунун ташууларды уюштуруу жана транспортто башкаруу кафедрасынын доценти Асаналиев



Таалайбек Маликович;

- «МЫКТЫ УСУЛДУК КӨРСӨТМӨ» номинациясы боюнча:

II даражадагы диплом жана 3000 сом - Бухгалтердик эсеп сабагынан курстук ишти аткаруу. Авторлор: Экономика жана бизнестин жогорку мектебинин финансы, талдоо жана эсеп кафедрасынын улук окутуучулары Г.Ш.Асанова, Г.Т.Бегалиева;

- «МЫКТЫ УСУЛДУК КОЛДОНМО» номинациясы боюнча I даражадагы диплом жана 5000 сом – Гидропневмоавтоматика системалары жана элементтери. Автору: Унаа жана робототехника институту, Автоматташтыруу, робототехника жана мехатроника кафедрасынын улук окутуучусу Абдыкеримова Дамира Кеңешбековна; II даражадагы диплом жана 3000 сом - ADAMS программасында иштөө боюнча окуу-усулдук колдонмо. Автору:Кыргыз-Герман институтунун механика жана өнөр жай инженерлиги



кафедрасынын доценти, т.и.к., Дюшекеев Кубанычбек Дооткулович;

- «МЫКТЫ ИЛИМИЙ МАКАЛА» номинациясы боюнча I даражадагы диплом жана 5000 сом – «Ишкердикти өнүктүрүүдө логистикалык кызматтын ролу». Автору: Экономика жана бизнестин жогорку мектебинин менеджмент кафедрасынын улук окутуучусу Кудабаева Нуржана Керимбековна (авторлоштор: доц. Омуркулова Г.К., Асаналиева Э.У.) II даражадагы диплом жана 3000 сом – «Санариптештирүү шартында финансылык анализди өнүктүрүү». Автору Экономика жана бизнестин жогорку мектебинин финансы, талдоо



жана эсеп кафедрасынын улук окутуучусу Бегалиева Гүлзат Ташеновна; III даражадагы диплом жана 2000 сом – «Инвестиция өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги каражаты катары». Экономика жана бизнестин жогорку мектебинин менеджмент кафедрасынын доценти, саяс.и.к., Ниязалиева Кундуз Райхановна, э.и.к., доцент Н.М. Доронбекова, э.и.к.,доцент М.А.Болотова;

- «МЫКТЫ ВИДЕОСАБАК» номинациясы боюнча I даражадагы диплом жана 5000 сом – Кептин стилдери. Сүйлөшүү жана көркөм стиль. Эл аралык жогорку логистика мектебинин кыргыз тили кафедрасынын доценти, ф.и.к., Сулайманкулова Мээрим Бекболотовна жеңүүчү деп аныкталды.

Белгилей кетсек, «Мамлекеттик тилдеги мыкты окуу-илимий эмгектер жыл сайын КМТУнун жеткчилигинин колдоосу менен жана окуу жылында мерчемделген иш пландарынын алкагында ийгиликтүү өткөрүлүп келет.

Кийинки жылдары да аталган сынактын масштабын кеңири жайылтуу каралып, окуу-усулдук комплекстерге өзгөчө көңүл бурулмакчы.

# 4-декабрь – «МАНАС» эпосунун күнү

### Манастын 7 осуяты:

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.
2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.
3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.
4. Арыбас мээнет, алдынкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.
5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк.
6. Табият менен таттуу мамиледе болуу.
7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.


2024-жылдын 3-декабрында И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттинде «4-декабрь – «МАНАС» эпосунун күнүнө» карата «Манас» эпосу жана манасчылык өнөр» иш-чарасы болуп өттү.



Аталган иш-чара «Манас» эпосунун ЮНЕСКОдо катталгандыгы тууралуу даректүү кыскача видеотасманы көрүү менен башталды. Куттуктоолор менен И.Раззаков атн. КМТУнун мамлекеттик тил жана санариптештирүү боюнча проректору, т.и.к., доцент Маданбеков Нуржан Жоломанович; кесиптик орто билим берүү бөлүмүнүн (Н.Исанов кампусундагы колледж) кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча окутуучусу Жайылов Нуркалый Сагынбаевич; университеттеги С.Жусуев



атындагы Мамлекеттик тил борборунун директору Абдыраева Назгүл Сарбагышовна чыгып сүйлөштү.



Кыргыз улуттук “Манас” театрынын өкүлү, манасчы Калил уулу Асанаалы



«Манас» эпосунан үзүндө айтып, манасчылык өнөр тууралуу кеңири маалымат берип, жаштарга өз үлгү-насаат кептери менен бирге кыргыз элинин баалуу өзөгү болгон «үчилтикти», манасчылык өнөрдү аздектеп, кылымдарга сактоо ар бир кыргыз жаранынын милдети экендигин баса белгиледи.

Ошондой эле иш-чаранын жүрүшүндө манасчы Калил уулу Асанаалы студенттер менен суроо-жооп формасында эркин баарлашышты. Аталган иш-чара жалпы катышуучулардын «Манас» эпосунан үзүндүнү жамааттык аткаруусу жана Шайлообек уулу Аманаттын (ЭУН-1-23 т.с.) «Кыргызстаным» ыры менен иш-чара соңуна чыкты.

### “Манас эпосу жана Ч.Айтматов-кыргыз элинин улуттук мурасы”

2024-жылдын 11-декабрында И.Раззаков атындагы КМТУда “Манас эпосу жана Ч.Айтматов-кыргыз элинин улуттук мурасы” аттуу кереге кеңеш өткөрүлдү.

Кереге кеңештин максаты: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы №65 “Манас” эпосун изилдөө, популярдаштыруу жана “Манас-улут биримдиги жана ынтымагы” маалымат өнөктүгүнүн концепциясын ишке ашыруу боюнча 2023-2027-жылдарга иш чаралардын планын бекитүү жөнүндө Министрликтин 2023-жылдын 27-мартындагы №1116/1 буйругун аткаруу максатында 2024-жылдын 4-декабрындагы “Манас” эпосунун күнүнө карата “Манас эпосунда мамлекеттик иденттүүлүк жана улуттук идеология” темасында илимий практикалык-конференция, семинар жана флешмобторду уюштуруп өткөрүү.

Кереге кеңешти “КжГИ” кафедрасынын улук окутуучусу Исмаилова А.Б. жана Жаштар борбору уюштурду. Иш-чара студенттердин “Бугу эне” бийи, “Арт-Мурас” драмалык студиясы тарабынан даярдалган композиция жана КРнын Гимни жаңырып ректордун кеңешчиси, т.и.д., профессор Абдыкалыков А.А. сөз сүйлөп иш-чараны ачып берди. Студенттер Манас гимнин аткарып расмий чакырылган коноктор сөз сүйлөдү. Конокто Ч.Айтматовдун жээни, КРнын Жазуучулар Союзунун мүчөсү, Ч.Айтматов фондунун президенти Элдар Айтматовдун жардамчысы - Ахматов Асан Кенжебаевич, Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз тили жана адабияты кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде кафедрасынын доценти, ф.и.к. - Орозалиева Жүрсүн Муханбетовна, Ж.Мамай атындагы 1-даражадагы манасчы сыйлыгынын ээси, КРнын Маданиятынын мыктысы, Манасчы - Асанаалы Калил уулу болду. Бакубат жашоо тартуулаган ата-бабаларыбызга таазим кылуу менен эскерип, жаңы муун - студенттер, тарых жараткан инсандарды унутпай, эскерип жүрүүгө чакыруу менен иш-чара жыйынтыкталды.



# «23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнү»



Тил ар бир улуттун өзгөчөлүгүн, үрп-адатын, турмушта жашоо өзгөчөлүгүн, каада-салтын, тарыхын чагылдыруучу, туюнтуучу, түшүндүрүүчү сөз түркүмдөрүн камтыган өзгөчө процесс. Ар бир улут өзүнүн тили менен өз ара сүйлөшкөндө жүрөгүнө кубаныч толуп, бири-бирин туура түшүнүшүп, ой жүгүртүүсү тез болуп, рахат алышат.

Туура 35 жыл мурун, тактап айтканда, 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети “Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган.

2024-жылдын 25-сентябрында И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы С.Жусуев атындагы мамилекеттик тил борборунда Кесиптик орто билим берүү (Колледжинде, Н.Исанов атн.кампусунда) 2-курстун «Архитектура» жана «Имараттарды куруу жана эксплуатациялоо» багытында окуган студенттердин катышуусунда мамлекеттик тил күнүнө карата «23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнү» аталышында иш-чара болуп өттү. Аталган иш-чараны кыргыз тили кафедрасынын улук окутуучусу Молдалиева Назгүл Аманкуловна уюштурган.

Иш-чара алгач «Сенин тилиң – Манастын тили» видеосун көрүү менен башталды. Куттуктоо сөздөрү менен транспорттук жана технологиялык унааларды эксплуатациялоо кафедрасынын доценти, т.и.к., Н.А.Раджапова, КОББ директордун мамлекеттик тил жана уюшутуруу иштери боюнча орун басары Б.Т.Ткачева, өндүрүштүк практиканын башчысы Э.Ж.Бирисманов, С.Жусуев атындагы мамилекеттик тил борборунун директору Н.С.Абдыраева чыгып сүйлөштү.

Окуу топторунун студенттери кыргыз элинин таанымал акындары: Э.Ибраев, Ш.Дүйшеев, Ж.Жумакадыр, А.Исмаловдун калемдерине



таандык мамлекеттик тилге арналган ырларынан көркөм окуп беришти. Андан соң окуу топторунун студентттери тарабынан даярдалган тематикалык дубал гезиттер тууралуу маалыматты уюштуруучу Н.А.Молдалиева кыскача баяндап берди. Иш-чара окуу топтору тарабынан «23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүнө» арналып даярдалган видеороликтерди көрүү жана Нурлан Насиптин «Эне тилде сүйлөйлү» ырын жамааттык аткаруу менен соңуна чыкты.



Ким барктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.
Ар улуттун энеси улуу, тили улуу
Өйдө-ылдый деп, айта албайбыз эч бирин.
Уккун мени, уул-кызым жаштарым!
Ушул сөзүм жадыбалдай жаттагын.
Тилди тилге, эне менен энени
Чаташтырбай өз-өзүнчө барктагын,
Төртөөнүн тең тазалыгын сактагын!
*(Байдылда Сарногоев)*

### «Иштиктүү кыргыз тили»

*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ*

*Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө 2023-жылдын 17-июлу № 140, 5-глава. Билим берүү жана илим чөйрөсүндө мамлекеттик тилди пайдалануу;17-берене. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик тил*

*1.Мамлекеттик тил Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында мектепке чейинки тарбия жана билим берүү уюмдарында, баштапгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында, кошумча кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун жана тарбиялоонун негизги тили болуп саналат.*

*(https://cbd.minjust.gov.kg/112618/edition/1264993/kg).*

И.Раззаков атн. КМТУдагы Мамлекеттик тилдин үч айлыгына карата иш-чаралардын планына ылайык 2024-жылдын 29-ноябрында Экономика жана бизнестин жогорку мектебинин экономикадагы маалымат системалары кафедрасынын башчысы, ф. - м. и. к., доцент, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери Жапаров Марат Турдалиевичтин демилгеси менен аталган кафедранын 2-курсунун студенттери, улук окутуучу С.К.Абдиеванын жетекчилиги астында «Иштиктүү кыргыз тили» аталышында ачык сабак өткөрүлдү.

Ачык сабакты КМТУнун мамлекеттиик тил борборунун директору Н.С.Абдыраева кеңири, практикалык иш кагаздарынын мисалында жана презентация менен



өтүп берди. Студенттер мамлекеттик тилдеги иш кагаздары тууралуу толук маалымат алышып, өз суроолоруна жооп ала алышты. Ачык сабак суроо-жооп иретинде пикир алышуу менен аяктады.

# «Мезгил кайрыктары-2024» адабий сынагынын

2024-жылдын 8-октябрында И.Раззаков атн. Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде кыргыз тили мамлекеттик макамга ээ болгондугунун 35 жылдыгына арналган “Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун” аттуу иш-чаранын жүрүшүндө студенттер арасындагы «Мезгил кайрыктары» адабий сынагынын жеңүүчүлөрүнө диплом жана белектерди тапшыруу аземи болуп өттү.

Ыр жазуу өнөрү менен алектенген студенттер арасындагы «Мезгил кайрыктары» адабий сынагынын жыйынтыгында:




І даражадагы Диплом жана «Барпынын тили» аттуу монография менен Архитектура жана дизайн институтунун студенти Бектур уулу Барсбек (АРХ(б)-6-23 т.с.) коомдогу актуалдуу окуялар, өз мезгилининин көйгөйлөрү, доор чакырыктарын чагылдарган: "Студент жана кыял", "Мекенге болгон сагыныч", «Чынгызым» автордук ырлары үчүн сыйланды.

ІІ даражадагы Диплом жана акын Алыкул Осмоновдун «Ата журт» ыр жыйнагы менен Тоо-кен технологиялык колледжинин студенти Борубаев Тынай Дайырбекович (ОГРк-9-22 т.с.) -"Кыргыз эли", "Чыңгыз Айтматов", «Кыргызстан» «Теңир Тоого сапар» автордук ырлары үчүн сыйланды.

ІІІ даражадагы Диплом жана акын Турар Кожомбердиевдин «Мен тоолордун уулумун» ыр жыйнагы менен Архитектура жана дизайн институтунун студенти Койлубаева Гаухар (ХПК-2-23 т.с.) - «Мезгил кайрыктары» автордук ыры үчүн сыйланды.






**Бектур уулу Барсбек АРХ(б)-6-23 т.с.(АДИ)**

**"Мекенге болгон сагыныч"**
Сени менен коштошоордо мекеним,
Мен агыздым мөлтүр жаштын неченин,
Учак менен жерден учуп кеткенде
Мен түшүндүм - Мекен ыйык экенин

Мени күткүн, күткүң келем буюрса
Кайтып келем коздош үчүн өзүңдү,
Мына ошондо убадага бек туруп
Аткарамын сага берген сөзүмдү

Курчап турган тоолоруңду сагындым
Кырдуу жардан күн нурунун атканын,
Шаршар аккан сууларыңды сагындым
Көктөндүргөн жер, талааны, бактарын

Мээрим менен сага дайым караган,
Жүзү нурлуу адамдарың сагындым
Ата-баба ыйык тутуп баалаган,
Берекелүү кыргыз жерин сагындым!
*(Кипр, 2023 декабрь)*



*Мезгил кайрыктары*

**КӨКСӨП ЖҮРӨМ**


Барган сайын жогорулап курагым,
Баамдасам мен бийикте турамын.
Өмүрүмдө көргөн сансыз адамды,
Тааныш үчүн кетти түмөн убагым.

Мен сыяктуу ак жолтойлор аз чыгар,
Ма жолукту ар кыл, ар кыл жакшылар.
Сөз айттырбай көңүлүңдү жайгарар
Элге жаккан, эл бийлеген башчылар.

Ма жолукту залкарлар да залкайган,
Калктан чыккан кадырмандар калкайган
Атактуулар даназасы таш жарган
Ар ким сүрдөп даай албай жалтанган.

Урматы чоң улууларды билемин,
Улуу сүйгөн сулууларды билемин.
Жүрсөм дагы бүт аларды аздектеп,
Жүрөгүмдө бар өзгөчө тилегим.

Жакшы тилек жаз айында жаралды,
Жаралды да жүрөгүмө кадалды.
Көксөп жүрөм кыпындай жок кынтыгы,
Көргүм келип идеальный адамды.




**Койлубаева Гаухар ХПК-2-23 т.с. (АДИ)**

**«Мезгил кайрыктары»**
Өмүр дагы төрт мезгилдей тараптуу,
Тоолуу, суулуу, боз топурак, дарактуу,
Ысык, муздак, салкын жана жамгырлуу,
Турмушунда кездешүүчү кезек бу.

Сулуу, жылуу, дарак болсо турмушуң,
Ал жаш кезиң, күлкү менен оюнуң,
Ишке тойбой, билимге жол алышың,
Кубанычка толуп турган коюнуң.

Тоо башталса турмуш жолдуу курагың,
Татаал ашуу, кыйын болор басканың,
Бүлө куруп, тарбиялап балдарды,
Ордо курчу ошол сенин курагың.

Бийик чоку, асман - көктү тиреген,
Даанышмандык - тунук акыл сезилген
Мезгил кайрык - күү сыяктуу комуздун,
Мезгилине жарашыктуу өзгөргөн.



**Борубаев Тынай Дайырбекович ОГРк-9-22 т.с.)**

***Кыргыз эли***
Кыйындыкты басып өткөн кыргыз элим,
Кыйшайбаган кылыч өңдүү жигиттери.
Бир муштумдай биригишип кыйынчылыкта,
Бекемдейли кыргыз рухун жана күч-демин!

Көчмөн калктуу туусу бийик кыргыз эли,
Сүйкайышкан ыймандуу кыз-келиндери.
Кыйынчылык башка түшсө эч таймабаган,
Кыргызымдын кырк уруулуу эр жигиттери!

Кыргыз эли көптү көргөн улуу эл,
Жолборс өңү таймабаган күчтүү эл.
Айбаты менен Манаска эч ким теңелгис,
Кыргыз эли кылымдарга жеңилгис

*Башкы редактор:* И. Раззаков атындагы КМТУнун мамлекеттик тил жана санариптештирүү боюнча проректору Маданбеков Н.Ж.
*Башкы редактордун орун басары жана дизайнер:* Абдыраева Н.С.

*Редакциянын дареги:* Бишкек ш., Ч.Айтматов пр.66

Эл.дарек: nazgul.abdyraeva@kstu.kg
Басууга: 25.12.2024-ж. кол коюлду

Жарыяланган материалдар маалыматтык мүнөзгө ээ жана редакциянын көз карашын билдирбейт.
Нускасы – 100 даана